P-маанилик параметрлер регрессия коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо үчүн колдонулат. Эгерде P-мааниси берилген маанилик α деңгээлинен аз болсо, анда коэффициент ошол маанилик деңгээлде маанилүү болот. Карама каршы учурда, бул α деңгээлинде коэффициент маанилүү эмес деп эсептелет.

P-маанисин колдонуунун ыңгайлуулугу P-маанилердин критикалык деңгээли бар атайын таблицалардын кереги жок экендиги болуп эсептелет. Жөн гана эсептелген P-маанини жалпы кабыл алынган маанилик деңгээлдер α = 0,05 = 5% же 0,01 = 1% менен салыштыруу жана жыйынтык чыгаруу жетиштүү.

Мисалы, $X_2$ факторддук өзгөрмөсү үчүн 669,9147ге барабар коэффицент маанилүүлүктүн каалагандай кичинекей деңгээлинде (анын ичинде 1% маанилик деңгээлинде да) маанилүү, анткени бул коэффициент үчүн P-мааниси 1,35488E-06ге барабар (бул жерде 1,35488E-06 = $1,35488 \cdot 10^{-6}$) жана бул α=1%=0,01 ден аз. $X_4$ үчүн коэффициенттин P-маалыматы 0,00041 жана бул α= 0,01 ден кичине. Ушул сыяктуу эле (3) теңдемедеги турактуу кошулуучу 3,8691E-06 < 0,01 P-мааниге ээ жана α= 1% = 0,01 деңгээлинде маанилүү.

Регрессиялык моделдин корреляциялык - регрессиялык анализинин натыйжаларын андан ары интерпретациялоо үчүн төмөнкү формула менен аныкталуучу жекече (орточо) ийкемдүүлүк $E_j$ коэффициенттери колдонулат:

$$E_j = b_j \frac{\overline{X_j}}{\overline{Y}}$$

Xj жана Y орточо маанилерин эсептеп, төмөкү коэффициенттерди алабыз:

$E_2$=669,9147·418,1588/140359,0779=1,9958. Жекече ийкемдүүлүк коэффициенти $E_2$>1. Демек, ал натыйжалоочу Y факторуна олуттуу таасирин тийгизет. $X_2$ факторунун - ЧОИ жана жеке ишкерлерде кызматкерлердин санынын орточо деңгээлден 1% га көбөйүшү, экспорттук операциялардын көлөмү туруктуу деп эсептелген деңгээлинде, дүң кошумча нарктын көлөмүнүн орточо көрсөткүчтөн болжол менен 2% га өсүшүнө алып келет.

$E_4$=138,0743·613,9/140359,0779=0,6039. Бул жекече ийкемдүүлүк коэффициенти $E_4$ < 1. Демек, Y натыйжалоочу факторуна анын таасири орточо. Бул ийкемдүүлүк коэффициенти, эгерде $X_4$ факторунун - экспорттук операциялардын орточо көлөмү анын орточо деңгээлинен 1% га өзгөрсө, кызматкерлердин саны турактуу деп эсептөө менен, дүң кошумча нарктын көлөмү орточо 0,6% га өзгөрөрүн көрсөтөт.

Ийкемдүүлүк коэффициенттерин салыштыруу, ЧОИ жана жеке ишкерлерде иштеген адамдардын саны, экспорттук операциялардын көлөмүнө караганда дүң кошумча нарктын көлөмүнө күчтүүрөөк таасир этерин көрсөттү.

Ошентип, (3) моделде көптүк корреляция жана детерминация коэффициенти абдан жогору, бардык ***a***, ***b₂*** жана ***b₄*** параметрлери - турактуу кошулуучу, $X_2$ жана $X_4$ үчүн коэффициенттер маанилүү жана Фишер критерийи эсептелген маанилерден жогору. Ошондуктан, $X_2$ - кызматкерлердин саны жана $X_4$ - экспорттук операциялар факторддук өзгөрмөлөрү менен берилген (3) теңдемени эң жакшы модель катары белгилөөгө болот.

Тендемеден $X_2$ факторунун бир бирдикке көбөйүшү менен Y натыйжасы 669,9147 ге, ал эми $X_4$ факторунун бир бирдикке чонойушу менен Y натыйжасы 138,0743 кө көбөйөрү келип чыгат.

Жүргүзүлгөн анализдин негизинде түзүлгөн эконометрикалык модель статистикалык маанилүү жана ал КРдагы ЧОИ жана жеке ишкерлер тарабынан өндүрүлгөн ДКНнын көлөмүн аныктай алат деп айтууга болот. Мындан тышкары, алынган модель өлкөнүн ЧОИ жана жеке ишкерлер тарабынан өндүрүлгөн дүң кошумча нарктын көлөмүнүн келечектеги маанилерин болжолдоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Алынган моделге ылайык, өлкөдө ЧОИ жана жеке ишкерлер тарабынан өндүрүлгөн ДКНнын көлөмү чон даражада кызматкерлердин санына жана орточо деңгээлде экспорттук операциялардын көлөмүнө көз каранды.

Келечекте, кийинки изилдөөлөрдө, тандалмалардын көлөмүн - берилген статистикалык маалыматтардын санын көбөйтүү жана дыйкан чарбалары боюнча маалыматтардын көрсөткүчтөрүн изилдөө статистикасына кошуу, көз каранды өзгөрмөгө таасир этүүчү фактордук мүнөздөмөлөрдүн санын көбөйтүү жана башка кошумча мүнөздөмөлөргө баа берүү тесттерин жүргүзүү аркылуу бул моделди жакшыртууга болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Малое и среднее предпринимательство в Кыргызской Республике, 2018-2022/ Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.- Бишкек:-2022.- 212 стр.
2. Мариев О. С., Савин И. В., Игнатьева Е. Д. Эконометрическое моделирование факторов стимулирования инновационного развития производительных сил. Журнал экономической теории №3/2011,стр 117-129
3. Омурканов Ы.К. Эконометрический анализ источников формирования инвестиционных ресурсов /*Вестник КРСУ. 2012. Том 12. № 11, стр.128-132.*
4. Цвиль М.М., Шумилина В.Е.. Эконометрический анализ и моделирование в сельском хозяйстве. Электронный научный журнал «Инженерный вестник Дона», №4 (2014). ivdon.ru/ru/magazine/archive/n4y2014/2555
5. Темирбаева Г.Р., Кундакова Л.Р. Эконометрический анализ горнодобывающей промышленности Республики Казахстан / Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований, 2016, № 7, стр.871-875.
6. Бугай О.В., Гусарова О.М. Эконометрический анализ региональной экономики // Материалы IX Международной студенческой научной конференции «Студенческий научный форум-2017» URL: https://scienceforum.ru/2017/article/2017035524 (дата обращения: 25.10.2024 ).
7. Тусков, А. А. Эконометрический анализ факторов формирования конкурентоспособности и потенциала развития Пензенского региона / А. А. Тусков // Модели, системы, сети в экономике, технике, природе и обществе. – 2018. – № 4 (28). – С. 68–76.
8. Савин В.Е., Таранова Е. В., Мырзалиева М.А. Развитие малого и среднего предпринимательства в Кыргызстане и его роль в насыщении потребительского рынка// Региональная экономика и управление: Электронный научный журнал. ISSN 1999-2645. -№2 (70). Номер статьи: 7001. Дата публикации: 05.04.2022. Режим доступа: https://eee-region.ru/article/7001/DOI: 10.24412/1999-2645-2022-270-1

9. Ташбаев А.М., Ысакова М.Ш. Эконометричесий анализ факторов развития малого и среднего предпринимательстве в Кыргызстане /Материалы III международной научно-практической конференции «Кибернетика, информатика, аналитика: модели, инструменты, методы».- Донецк, 25 апреля 2024 г., стр.162-168.
10. Малое и среднее предпринимательство в Кыргызской Республике / Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.- Бишкек: Публикации за 2003-2007, 2008-2012, 2013-2017 гг. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.stat.kg/
11. Эконометрика: учебник / Под ред. И. И. Елисеевой. -М.: Проспект, 2010. - 288 с.
12. Роль и место малого и среднего предпринимательства в социальной политике Ошской области и города Ош / У. К. Муйдинов, А. Шавкат Уулу, У. А. Тешебаева, О. Дурусбек Уулу // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2022. – № 1(1). – С. 27-33. – EDN JEMREF.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№2(5)/2024, 81-88

**УДК: 388.43(575,2**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_2(5)_10

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДА АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСТАНА

# PROBLEMS OF ENSURING FOOD SECURITY IN THE SOUTHERN REGION OF KYRGYZSTAN

**Бакалбаева Алила Зулпукаровна**
*Бакалбаева Алила Зулпукаровна*
*Bakalbaeva Alila Zulpukarovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*lecturer, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДА АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация**
Макалада өлкөнүн түштүк аймагында азык-түлүк коопсуздугуна учурдагы коркунучтар жана аларды экономикалык коопсуздук тутумунда чечүү мүмкүнчүлүгү каралат жана алар: азык-түлүк коопсуздугу, аймактык азык-түлүк рыногу, айыл чарба өндүрүшү, өндүрүштүн натыйжалуулугу.

***Ачкыч сөздөр***: азык-түлүк коопсуздугу, аймактык азык-тулук базары, айыл чарба өндүрүш, экономикалык жана улуттук коопсуздук мамлекеттик, өндүрүштүн эффективдүүлүгү

## *ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСТАНА*

**Аннотация**
В статье рассматриваются современные угрозы продовольственной безопасности южного региона страны и возможности их решения в системе экономической безопасности, а это: продовольственная безопасность, региональный продовольственный рынок, сельскохозяйственное производство, эффективность производства.

***Ключевые слова:*** продовольственная безопасность, региональный продовольственный рынок, сельскохозяйственное производство, экономическая и национальная безопасность государства, эффективность производства

## *PROBLEMS OF ENSURING FOOD SECURITY IN THE SOUTHERN REGION OF KYRGYZSTAN*

**Abstract**
The article deals with modern threats to food security in the southern region of the country and their solutions in the economic security system, namely: food security, regional food market, agricultural production, production efficiency.

***Keywords:*** food security, regional food market, agricultural production, economic and national security of the state, production efficiency

Азык-түлүк коопсуздугу – өлкөнүн бардык калкынын тамак-аштын негизги түрлөрүн керектөө үчүн белгиленген физикалык стандарттарга ылайык коопсуз тамак-ашка физикалык жана экономикалык жеткиликтүүлүгү.

Физикалык жеткиликтүүлүктүн маңызы тамак-аштын негизги түрлөрү өлкөнүн бардык аймагында каалаган убакта керектүү диапазондо болушу керек. Ошондой эле, экономикалык жеткиликтүүлүк өлкөнүн калкы тамак-аштын негизги түрлөрүнүн керектүү көлөмүн сатып алууга мүмкүндүк берүүчү кирешелерге ээ болууга тийиш экендигин билдирет.

Азык-түлүк коопсуздугун жана экономикалык көз карандысыздыгын жоюуда Кыргыз Республикасын 2020-2026-жылдарга карата өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизги багыттарынын бири азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, анын ичинде туруктуу азык-түлүк менен камсыз кылуу кепилдиги, ошондой эле баардык региондордо азык-түлүк көз карандысыздыгын камсыз кылуучу айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү. Азык-түлүк коопсуздугунда өсүмдүк жана мал чарба продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп жеңил өнөр жай, айыл чарбасы жана калк эсептелинет.

Мамлекет айыл чарба продукциясын өндүрүүдө жана кайра иштетүүдө топторду кластерлерди үчүн шарттарды түзөт. Аймактык социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын чегинде агроөнөр жай комплекстерин өнүктүрүү пландарын иштеп чыгуу зарыл. Кластердик методологияны, ошондой эле ар кандай аймактарга жана айыл чарба өсүмдүктөрүнө ыңгайлаша ала турган типтүү кластердик моделди иштеп чыгуу зарыл. Агрардык секторду өнүктүрүүгө дем берүү механизмдерин кайра карап чыгуу, анын ичинде мамлекет тарабынан каржылык колдоону көбөйтүү жана уюштуруу жолу менен кайра карап чыгуу зарыл.

Өлкөнүн түштүк аймагында азык-түлүк менен камсыз кылуунун фундаменталдуу багыттары тамак-аштын физикалык жана экономикалык жеткиликтүүлүгү; азык-түлүк менен камсыз кылуунун туруктуулугу жана тамактануу коопсуздугу болуп саналат. Физикалык продуктыларга өлкөнүн аймагында жана убакыттын ар бир көз ирмеминде, жок дегенде минималдуу санда жана талап кылынган ассортиментте болушу керек болгон тамак-аш азыктары кирет. Ошондуктан экономикалык аспект ар бир жаран тамак-аш азыктарынын белгиленген минималдуу топтомун сатып алуу үчүн жетиштүү кирешеге ээ болушу керек экендигин эске алат. Ал эми азык-түлүккө туруктуу жеткиликтүүлүк дегенде, биз өлкөнүн социалдык-экономикалык системасын түшүнөбүз, ал ар бир жаранга кыска мөөнөттө гана эмес, ошондой эле узак мөөнөттүү келечекте тамак-аш менен камсыз болушуна кепилдик берет.

Өлкө азык-түлүк жана чийки азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча минималдуу талаптарды камсыз кылууга милдеттүү, анткени ал Кыргызстандын азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли улуттук, демографиялык жана экономикалык негизги факторлору төмөнкү спектрин камтыйт: ата мекендик өндүрүштүн көлөмү; азык-түлүктү, анын ичинде Кыргызстандын аймактарында өндүрүүгө мүмкүн болгон жана өлкө ичинде өндүрүүгө мүмкүн болбогон товарларды импорттоо; ата мекендик өнөр жайларын иштетүү жана өнүктүрүү; калкты камсыз кылууда жеке чарбалардын өнүгүү деңгээли.

Ал эми аймактарда азык-түлүк коопсуздугу төмөнкү шарттарда ишке ашат деп эсептейбиз, алар: өлкөнүн калкынын жынысын, жашын, эмгек шарттарын, табигый-климаттык шарттарды эске алуу менен экологиялык жактан таза, ден соолука пайдалуу, ата

мекендик өндүрүштө өндүрүлгөн, илимий жактан негизделген стандарттарга жооп берген тамак-аш азыктары менен камсыз кылуу менен ишке ашырат. Ошондой эле азык-түлүк товарларынын баасы бардык жарандарга, көп балалуу үй-бүлөлөргө жана пенсионерлерге жеткиликтүү болууга тийиш. Табигый кырсыктар жана катастрофалар учурунда стратегиялык азык-түлүк запастары ошол аймактарга жетиштүү болушу шарт.

Аймактарды негизги азык-түлүктөр менен жетиштүү камсыз кылууда бир нече негизги көйгөйлөр бар:

1. Өлкөнүн айыл чарба экономикасынын өсүү темптери салыштырмалуу бардык экономиканын өсүү темптеринен төмөн турат. Улуттук статистикалык комитетинин алдын ала эсептөөлөрү боюнча, 2024-жылдын январь-март айларында ИДПнын көлөмү 248,8 млрд сомду түзүп, реалдуу өсүү темпи 108,8%ды түзгөн, анын ичинде айыл чарбасында – 1,4%ды түзөт.

Айыл чарба секторун өнүктүрүү жана айыл калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу бардык субъекттердин, анын ичинде аялдардын (фермерлердин, ишкерлердин жана кызмат көрсөтүүчүлөрдүн) потенциалын ишке ашырууда бирдей колдоосунан көз каранды.

2. Калктын өсүш динамикасы негизги айыл чарба азык-түлүк продуктыларын өндүрүүнү жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууну талап кылат.

Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча калктын саны өөсүү темпинде. Кыргызстандын туруктуу калкынын саны 2023-жылы 7 037.6 түзсө 2024-жылга карата 7 млн 210 миң адамдын санын түздү.

3. Кыргызстандын түштүгүндө баардык аймактар сыяктуу эле 2023-жылга карата дан өсүмдүктөрү(буудай, арпа),кант,май өсүмдүктөрү, кондитердик азыктар, нан жана нан азыктары боюнча азык-түлүк көз карандысыздыгына жетишилген эмес. Негизи эле өлкөнүн түштүк аймагында өндүрүлбөгөн түшүмдөр биринчи таблицада көрсөтүлгөндөй бир кыйла тартыштык жаратат.

Таблица 1. Кыргызстандын түштүк региону боюнча азык-түлүк өндүрүштөргө статисттикалык көрсөткүчү.

| **Азык-түлүк түрү** | **Ош облусу** | | **Жалал-Абад облусу** | | **Баткен облусу** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2022** | **2023** | **2022** | **2023** | **2022** | **2023** |
| Дан (иштетилгенден кийинки салмакта) | 327.8 | 333.4 | 272.5 | 280.8 | 109.8 | 97.7 |
| Буудай (иштетилгенден кийинки салмакта) | 89.5 | 82.2 | 48.6 | 47 | 29.4 | 24.4 |
| Арпа (иштетилгенден кийинки салмакта) | 42.3 | 38.3 | 31.4 | 24.1 | 17.4 | 11.4 |
| Дан жүгөрүсү | 196 | 212.8 | 192.4 | 209.7 | 63 | 61.9 |
| Күрүч (иштетилгенден кийинки салмакта) | 12.7 | 12.8 | 18.4 | 20.6 | 13.2 | 13.3 |
| Дан буурчактар (иштетилгенден кийинки салмакта) | — | — | 0.4 | 0.3 | 1.7 | 1.8 |
| Кант кызылчасы (фабрикалык) | — | — | — | — | — | — |
| Май алынуучу өсүмдүктөр | 2.6 | 2.1 | 6.1 | 5.5 | 0.9 | 0.8 |
| Картошка | 206.6 | 211.3 | 122.7 | 127.4 | 36.5 | 37.2 |
| Жашылча | 186.4 | 198.2 | 312.9 | 327.1 | 66.8 | 63.8 |
| Азык-түлүктүк бакча өсүмдүктөрү | 49.2 | 49.4 | 96 | 94.3 | 1.5 | 1.4 |
| Мөмө-жемиш өсүмдүктөрү | 57.5 | 59.6 | 42.4 | 42.6 | 58.5 | 60.6 |
| Жүзүм | 3.1 | 0.7 | 1.1 | 1 | 2.1 | 1.9 |
| Эт (тирүүлөй салмакта) | 50.1 | — | 40.8 | — | 17.3 | — |
| Чийки сүт | 340.3 | 347.7 | 363.5 | 372.9 | 106.9 | 101.9 |
| Жумуртка, млн. даана | 65.5 | 68.7 | 74.9 | 77.1 | 23.3 | 21.3 |

Эскертүү: (тонна менен белгиленип, кызыл менен белгиленген азык-түлүк түрү 2022-жылдан 2023-жылга карата азайышы.)

4. Аймакта чакан товарлардын эсебинен айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жана өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн (кооперациялардын, кластерлердин) өндүрүштүк интеграциясынын эффективдүү формаларынын аз таралышы.

5. Аймакта айыл чарба өндүрүшү үчүн негизги жаратылыш ресурстарын пайдалануу туруктуулукту камсыз кылуу үчүн турукташтырууга жана дайыма жакшыртууга муктаж.

Ош областы боюнча айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты 180,9 гектарды түзөт. Ошондой эле, Республикада керектелүүчү суунун жалпы көлөмү 12 млрд 584 млн куб метрди түздү.

Кыргыз Республикасындагы аймактык азык-түлүк коопсуздугунун көйгөйлөрүн чечүүдө, аймактык өндүрүштүк диспропорциясын көзөмөл кылуу жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн эл аралык, мамлекеттик долбоорлордун иштеши азык –түлүк коопсуздугун жоюуга чоң таасир этет. Ошондой долбоорлордун бири Fair and Sustainable Development Solutions (FSDS) коомдук фонду «Кыргызстандын айыл калкынын азык-түлүк коопсуздугу» долбоору астында түштүк региондорунда да бир нече фермерлер жана калк менен иштөөдө азык түлүк коопсуздугун алдын алуу иш аракеттерин уюштуруп келүүдө. Ошондой эле, долбоор дыйкандардын туруктуу кирешесин гана камсыз кылбастан, аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө да салым кошо ала турган туруктуу айыл чарба системасын өнүктүрүүгө карай маанилүү кадам болду. Долбоор жогорку ийкемдүүлүктү жана натыйжага багытталгандыгын көрсөтүү менен конкреттүү маселелерди чечүүнүн эффективдүү моделдерин жана механизмдерин иштеп чыгууну улантууда. Жетишилген ийгиликтерди мындан ары өнүктүрүү жана кеңейтүү Кыргызстандын айыл калкын азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу өнүктүрүү үчүн бекем негиз түзөт, бул өлкөнүн келечегине кошкон маанилүү салым болуп саналат. Ал эми 2024-жылдын башынан бери АЧК-12 программасын ишке ашыруу алкагында 741 алуучуга 313 миллион сом өлчөмүндө жеңилдетилген насыялар бөлүнгөн. Ошондой эле, агроөнөр жайлык кластерлерди өнүктүрүү үчүн жыл сайын 3,64 млрд сомдон ашык каражат бөлүү менен «Агроөнөр жай комплексин кредиттөө» долбоорун ишке ашыруу улантылууда. 2024-жылдын январь-мартында айыл чарбасынын дүң продукциясы 38,1 млрд сомду түздү. 2023-жылдын ушул мезгилинин деңгээлине салыштырмалуу реалдуу өсүү темпи 101,4 % түздү. Айыл чарба продукциясынын дүң өндүрүшүнүн өсүшү негизинен мал чарба продукциясын 1,4% га көбөйтүүнүн эсебинен камсыз кылынды. Мал чарбачылыгын, өсүмдүк өстүрүүчүлүктү жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү үчүн айыл чарба субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү улантылууда, бул максаттарга жыл сайын 5-6 миллиард сом өлчөмүндө финансылык каражаттар бөлүнөт.

2024-жылдын башынан бери Айыл чарба долбоору АЧК-12 программасын ишке ашыруу алкагында 741 алуучуга 313 миллион сом өлчөмүндө жеңилдетилген насыялар бөлүнгөн. Ошондой эле, агроөнөр жайлык кластерлерди өнүктүрүү үчүн жыл сайын 3 млрд сомдон ашык каражат бөлүү менен «Агроөнөр жай комплексин кредиттөө» долбоорун ишке ашыруу улантылууда.

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун чыңдоого багытталган долбоорлор анын арасында WFP Kyrgyzstan долбоору да он миңдеген кыргызстандык баардык аймактардагы дыйкандарга түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жардам берип келет. Долбоорлор аймактарда азык-түлүк коопсуздугун жоюуда, буудайды жана башка маанилүү

азык-түлүк өсүмдүктөрүн, ошондой эле сүттү, жумуртканы жана мөмө жемиштердин сортторун туура өстүрүүдө, жерлерди реабилитациялоодо олуттуу колдоо көрсөттүдө. Республиканын түштүгүндө жана башка облустарда пайдаланылбай жаткан гектарлаган жергерди айыл чарба багытында пайдаланууга шарт түзүлдү.

Жаздык үрөндөр 2024-жылга камсыздоо, кылкандуу дан эгиндери боюнча керектөө 67,2 миң тонна түзсө, 65,4 миң тонна, же 97,3 пайызга камсыздалган. Анын ичинен буудай үрөнү 22,9 миң тонна керектелсе, 22,3 миң тонна топтолуп, камсыздоо 97,1 пайызга, арпа 44,2 миң тонна керектелсе, 43 миң тонна топтолуп, камсыздоо 97,4 пайызды түзгөн.

Ошондой эле, 2024-жылдын күздүк айдап себүүсүнө республика боюнча жалпы 37,4 миң тонна кылкандуу дан өсүмдүктөрүнүн үрөнү керектелсе, 36,1 миң тонна кылкандуу дан эгиндеринин үрөнү топтолуп, 96,7 пайызы камсыздалды. Анын ичинен күздүк буудай үрөнүнүн керектөөсү 36,2 миң тоннаны түзсө, анын 34,9 миң тонна топтолуп, 96,6 пайызга аткарылды. Ал эми күздүк арпа үрөнүн керектөөсү 1,2 миң тоннаны талап кылынса, ал 100 пайызга камсыз болду. Ал эми, тритикаленин керектөөсү 11 тоннаны түзүп, анын 100 пайызы камдалган.

Мамлекеттик дотация аркылуу түзүлгөн келишимдердин негизинде республика боюнча дыйкан жана фермерлерге 2827,6 тонна жаздык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнү, үрөнчүлүк чарбалар тарабынан министрликке караштуу Райондук аградык өнүктүрүү башкармалыктары аркылуу таркатылды. Таркатылган үрөндүн акча каражаты 35,1 млн. сомду түздү. Мамлекеттик дотация аркылуу үрөн алган дыйкан жана фермерлердин саны 2047 жетти. Асыл-тукум материалы боюнча жасалма уруктандыруу жол менен уруктандырылган малдын саны 77 626 башты түзүп, былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12 178 башка көп, болду. Ал эми 496,4 миң баш бодо, 11,7 миң баш жылкы, 5,9 миң баш чочко малдар идентификацияланып, СИОЖ системасына киргизилди. Балык чарбасында 2024-жылдын 1-октябрына карата балык жаңы ачылган чарбалардын саны 35ти түздү. Бул 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 21ге көбөйдү. Балык көлмөлөрүн балыктандыруу 28,8 млн. дааннаны түзүп, былтыркы жылга салыштырмалуу 8,6 млн. даанага көп болгон.

Азыркы учурда калктын ар бир жан башына орточо тамак-аш чыгашасы белгиленген минималдуу ченемдерден төмөн. Калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөн болушу сапаттуу тамак-аш азыктарын калктын көпчүлүк бөлүгү үчүн экономикалык жактан алсыз кылат. Балдардын, жаштардын жана аялдардын тамак-ашка болгон муктаждыктары талаптагыдай канааттандырылбай жаткандыктан азык-тулук коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу талаптагыдай болушу зарыл. Ведомстволордун ортосунда өз ара аракеттенүү жана так координация болушу, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз аймактарында азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда активдүү роль аткарышы зарыл.

Азык-түлүк коопсуздугунун максаттарына жетүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүү керек:

1) Мамлекеттик органдар менен Мамлекеттик тамак-аш коопсуздугу уюмунун ортосундагы контролду жана координацияны күчөтүү, азык-түлүк коопсуздугунун абалына үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүү, пайда болгон тобокелдиктерди жана коркунучтарды өз убагында болжолдоо.

2) Өндүрүштү техникалык жана технологиялык реструктуризациялоону мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана сапаттын эл аралык стандарттарына өтүү

аркылуу айыл чарба продукциясынын жана кайра иштетилген продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.

3) Айыл чарбасын каржылоо жана кредиттөө жагында мамлекеттик ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

4) Тамак-аш азыктарынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик ишканалардын ишинде жаңы ыкмаларды колдонууга, ошондой эле мамлекеттик материалдык резервдеги тамак-аш материалдарын жана башка номенклатуралык продукцияларды үзгүлтүксүз толуктап туруу.

5) Айыл чарбасында импортту алмаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

6) Жер жана суу ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

7) Аймактарда кичи суу сактагычтарды куруу жана пайдалануу.

8) Заманбап технологиялардын негизинде айыл чарбада чийки заттарын иштетүүдө жаңы технологияларды жана жабдууларды киргизүү.

9) Мал чарбачылыгын, өсүмдүк чарбасын, үрөнчүлүк жана балыкчылыкты, тамак-аш өндүрүшүн, кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү.

10) Аймактын өзгөчөлүктөрүн жана айыл чарбасындагы малдын санын эске алуу менен жайыттарды натыйжалуу пайдалануу.

11) Айыл чарба жерлеринин түшүмдүүлүгүн калыбына келтирүү жана жогорулатуу, Жердин деградацияланышына жол бербөө, ошондой эле иштеп жаткан жерлерди натыйжалуу пайдалануу.

12) Инвестиция тартуу менен аймактык айыл чарбасын өнүктүрүү.

13) Эл аралык долбоорлор менен иштөөдө ар бир аймакка көңүл бөлүп, фермерлер менен жеке иш алып баруу керек.

**Колдонулаган адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштеттүү өнөр жай министрлиги. Электрондук ресурс: URL: https://agro.gov.kg/kg/.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Электрондук ресурс: URL: https://stat.gov.kg/kg/opendata/category/15/
3. Абдулложонова, А. Н. Проблемы продовольственной безопасности рынка Кыргызской Республики / А. Н. Абдулложонова, Ф. Т. Артыкбаева // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2023. – № 2(3). – С. 26-34. – DOI 10.52754/16948734_2023_2(3)_5. – EDN QODRBA.
4. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы(КР Президентинин 2024-жылдын 30-июлундагы ПЖ № 210 Жарлыгынын редакциясына ылайык) (6.2. Айыл чарбасы жана кайра иштетүү)
5. Кыргыз Республикасындагы “Fair and Sustainable Development Solutions” (FSDS) долбоору. Электрондук ресурс: URL: https://fsds.kg/
6. Асанов, М. А. Проблемы и перспективы обеспечения продовольственной безопасности региона в условиях инновационного развития агропромышленного комплекса / М. А. Асанов // Вестник Ошского государственного университета.

Экономика. – 2023. – № 1(2). – С. 9-14. – DOI 10.52754/16948734_2023_1_2. – EDN OGASAH.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Электрондук ресурс: URL: https://www.minfin.kg/posts/show/po-proektu-fsh-12-profinansirovano-364-mlrd-somov
8. Таабалдиева, Н. А. Совершенствование организационно-экономического механизма аграрного сектора / Н. А. Таабалдиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 2, № 1. – С. 94-101. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_1_94. – EDN FSTOHN.
9. Долбоор “We bring life-saving relief in emergencies” Электрондук ресурс: URL: https://www.wfp.org/countries/kyrgyz-republic
10. Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги. Электрондук ресурс: URL: https://zanyatost.kg/Home/Statistics.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№2(5)/2024, 89-96

**УДК 332.14**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_2(5)_11

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КИЧИ ЖАНА ОРТО ШААРЛАРЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ МАЛЫХ И СРЕДНИХ ГОРОДОВ КЫРГЫЗСТАНА

# MODERN PROBLEMS OF ENSURING ECONOMIC SECURITY OF SMALL AND MEDIUM-SIZED CITIES OF KYRGYZSTAN

**Туркбаев Адамбек Бөрүбаевич**
*Туркбаев Адамбек Бөрүбаевич*
*Turkbayev Adambek Borubaevich*

**э. и. к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к. э. н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*

---

**Далбаев Канатбек Койчубаевич**
*Далбаев Канатбек Койчубаевич,*
*Dalbaev Kanatbek Koichubaevich*

**аспирант, Ош мамлекеттик университети**
*аспирант, Ошский государственный университет*
*Postgraduate student, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КИЧИ ЖАНА ОРТО ШААРЛАРЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация**

Бул илимий макалада кичи жана орто шаарчалардын туруктуу өнүгүүсүндө экономикалык коопсуздукту камсыз кылуудагы боюнча заманбап көйгөйлөрдүн актуалдуулугу каралат. Шаар конуштарын өнүктүрүүдөгү негизги көйгөйлөр аныкталды. Бул аймактардын социалдык өнүгүүсүнө теориялык жактан негизделген таасир этүүчү оң жана терс факторлор аныкталган. Жалпыланган талдоонун негизинде экономикалык коопсуздуктун абалын жакшыртуу боюнча сунуштар изилденген жана сунушталган. Экономикалык коопсуздук контекстинде заманбап экономикалык өнүгүү маселелерин андан ары изилдөө зарылдыгы аныктады.

***Ачкыч сөздөр*:** чакан жана орто шаарлар, экономикалык коопсуздук, чакан жана орто шаарлардын экономикасы, оң жана терс факторлор, муниципалдык билим берүү

## *СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ МАЛЫХ И СРЕДНИХ ГОРОДОВ КЫРГЫЗСТАНА*

**Аннотация**

В данной научной статье рассматривается актуальность современных проблем обеспечения экономической безопасности в устойчивом развитим малых и средних городов. Определены основные проблемы развития городских поселений. Теоретически выявлены положительные и отрицательные факторы, влияющие на социальное развитие данных территорий. На основе комплексного анализа изучены и предложены рекомендации по улучшению состояния экономической безопасностии. Определена необходимость дальнейшего исследования вопросов современного экономического развития в контексте экономической безопасности.

***Ключевые слова:*** малые и средние города, экономическая безопасность, экономика малых и средних городов, положительные и отрицательные факторы, муниципальные образования

## *MODERN PROBLEMS OF ENSURING ECONOMIC SECURITY OF SMALL AND MEDIUM-SIZED CITIES OF KYRGYZSTAN*

**Abstract**

This scientific article examines the relevance of modern problems of ensuring economic security in the sustainable development of small and medium-sized cities. The main problems of urban settlement development are identified. Theoretically, positive and negative factors affecting the social development of these territories have been identified. Based on a comprehensive analysis, recommendations for improving the state of economic security have been studied and proposed. The necessity of further research of the issues of modern economic development in the context of economic security is determined.

***Keywords:*** small and medium-sized cities, economic security, economy of small and medium-sized cities, positive and negative factors, municipalities

Заманбап шаарлардын туруктуу өнүгүүсү заманбап технологиялык өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу, ошондой эле башкаруунун натыйжалуу тутумун түзүү жана кызыкдар тараптардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат.

Туруктуу өнүгүү максатында кичи, орто шаарларды пландаштыруу натыйжалуулукту баалоо жана тобокелдиктерди эсепке алууда таасирдүү жана иштиктүү инструменттерге, ошондой эле жаңы технологиялык чечимдерди иштеп чыгууга муктаж. Белгилей кетсек, шаарчалардын улам пайда болушу, өсүү темпи бардык эле учурда алардын техногендик катастрофалардын алдында алсыз, курчап турган чөйрөнүн интенсивдүү булганышына, адамдардын көптүгүнө, калктын инфраструктура жана базалык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз болушуна алып келбейт.

Важными вызовами, стоящими перед российскими городами сегодня являются старение населения, отток молодежи, изношенность городской инфраструктуры и ее неадаптированность для многих социальных и возрастных групп горожан, отсутствие эффективных механизмов вовлечения населения в решении общегородских проблем.

Учурда, республикабыздын жаңычыл жашоого карата багытында шаарларыбызды өнүктүрүү процессинин азыркы этабында шаар бийликтеринин жана жашоочуларынын шаар куруу үчүн жаңы ыкмаларга болгон кызыгуусун арттырыш керек, себеби ушул территорияларда, биринчиден, кичи жана орто шаарларынын экономикалык өсүшүн камсыздоо менен, экинчиден, шаар жашоочуларынын жашоо турмушунун сапатын жана социалдык абалын, алар менен натыйжалуу байланыш тутуму аркылуу жакшыртуу маселелери күн тартибинде болуш керек. Бүгүнкү күндүн негизги көйгөйлөрү – бул кичи жана орто шаарчаларда калктын картайышы, жаштардын арасында миграциянын күчөшү, шаардык инфраструктуранын эскириши жана анын көптөгөн шаардыктардын куректык жана социалдык топторуна ылайыкташпагандыгы, жалпы шаардык көйгөйлөрдү чечүүдө калкты тартуу натыйжалуу жолдорунун жоктугу.

Кыргызстанда жана анын аймактарында заман талабына ылайык жүргүзүлүп жаткан коомдук-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр тиешелүү жергиликтүү каржылык туруктуулукту жана коопсуздукту камсыз кылууда жергиликтүү бюджеттерди түзүү жаатында өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгын алып чыкты. Бир жагынан шаардык экономикалык көз карандысыздыкка умтулуу, экинчи жагынан, каржылык борборлоштуруу жетиштүү сактап калуу үчүн зарыл болгон, коммуналдык өнүгүүнү башкаруу жаатында жаңы милдеттерди кою жөнүндө кабар берет.

Бүгүнкү күндө кичи жана орто шаар конуштарынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун ар тараптуу чөйрөсү – заманбап окумуштуулардын жана экономисттердин тыкыр изилдөөсүнүн жана илимий-прикладдык изилдөөлөрүнүн предмети болуп келүүдө. Бул теманын актуалдуулугу - ушул шаарчалардагы конуштарда жашаган жарандар күнүмдүк жашоосунда жергиликтүү мүнөздөгү көптөгөн коркунучтарга, тобокелдиктерге туш болушат. Конкреттүү муниципалитеттин – шаардык жана айылдык конуштун экономикалык коопсуздугу калкка жана адамдарга эң жакын, ошондуктан, азыркы учурда өзгөчө көңүл буруунуталап кылат.

Белгилей кетсек, шаарларды, атап айтканда, чакан, орто жана моношаарчаларды туруктуу өнүктүрүү дүйнөлүк деңгээлде, 2015-жылдын сентябрында БУУнун ассамблеясынын отурумунда "Дүйнөбүздү өзгөртүү: 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүүнүн күн тартиби" резолюциясы 162 мамлекеттин катышуусу жана кол коюусу менен кабыл алынган. Бул маанилүү документте 2030-жылга чейинки мезгилде улуттук жана дүйнөлүк

коомчулукту өнүктүрүүдө негизги турмуштук максаттардын же жалпы дүйнөлүк стратегиясы каралган жана бекитилген [8]. Анын негизин 2016-жылдын октябрь айында Кито шаарында (Эквадор) болуп өткөн эл аралык саммитте дүйнөлүк коомчулук тарабынан кабыл алынган шаарларды өнүктүрүүнүн 20 жылдык жаңы программасынын мазмуну түзөт. Бул жерде негизинен шаарларды туруктуу өнүктүрүү максатын ишке ашырууга багытталган [8], анда "шаарлардын жана калктуу конуштардын ачыктыгын, коопсуздугун, жашоого туруктуулугун жана экологиялык туруктуулугун камсыз кылуу" маселелери 11-максатта өзүнчө каралган. Ал максаттын мааниси төмөнкүлөрдү камтыйт: биринчиден, экологиялык туруктуу урбанизациянын масштабын кеңейтүү; экинчиден, шаарлардын терс экологиялык таасирин азайтуу; үчүнчүдөн, абанын сапатына көбүрөөк көңүл буруу жана шаардык жана башка калдыктарды утилизациялоо, б.а. жокко чыгаруу; төртүнчүдөн, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча колдоо аркылуу экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу, алардын кирешелүүлүгүн жогорулатуу, ж.б.у.с..

Коопсуздук, ишенимдүүлүктүн жана корголуунун абалы болуу менен, каралып жаткан тутумдун (ишкананын, аймактын, бүтүндөй өлкөнүн) туруктуулугун гана мүнөздөйт, бирок иштин жыйынтыгында, объект тобокелдиктерге жана коркунучтарга жооп бергенде жана аларды жок кылганда гана коопсуздук камсыз кылынат.

Экономикалык коопсуздук калктын жашоо үчүн нормалдуу шарттарды сактоо мүмкүнчүлүгүн азык-түлүк жана ресурстар менен андан ары өнүктүрүү үчүн туруктуу камсыз кылуу, ошондой эле экономикалык иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу болуп саналат.

Экономикалык коопсуздук эндогендик жана экзогендик мүнөздөгү коркунучтардан өлкөнүн жана анын жарандарынын кызыкчылыктарын экономика чөйрөсүндө ишенимдүү жана бардык зарыл болгон каражаттар, ыкмалар, укук коргоо жана каржы институттары менен жабдылган коргоону билдирет [5].

Экономикалык коопсуздук - субъекттеринин коопсуздугун камсыз кылуу үчүн материалдык негиз. Эреже катары, анын бир нече компоненттери же деңгээлдери айырмаланат:

- өлкөнүн масштабында;
- өлкө аймактарынын деңгээлинде;
- шаар конуштарынын (же муниципалитеттердин) коопсуздугу;
- мекемелердин, коммерциялык фирмалардын деңгээлинде;
- жарандардын экономикалык коопсуздугу.



1-сүрөт. Кичи жана орто шаар конуштарынын экономикалык коопсуздук объекттери

1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй шаар конуштарынын экономикалык коопсуздугу бир катар объектилерге багытталган (1-сүрөт). Бул жерде жалпы улуттук коопсуздуктун улуттук экономиканын ортосундагы өтө тыгыз байланыш бардыгын айгинелейт. Кичи жана орто шаарчалардын калк конуштары, территориялары, биринчиден, улуттук жана экономикалык коопсуздуктун обьектилери катары каралат, экинчиден, ал территорияларда жүргүзүлгөн өндүрүштүк аракеттердин калыптанышы, өнүгүп өсүшү жана андан келип чыккан өндүрүштүк-каржы мамилелери сөзсүз түрдө жергиликтүү же аймактык экономикага гана эмес, жалпы улуттук экономиканын абалына түздөн-түз таасирин берет.

Кичи жана орто шаарчалардын экономикасын ошол эле аймактарда жайгашкан өндүрүштүк фонддордун жана социалдык-экономикалык, өндүрүштүк инфраструктуралардын абалы, алардын кызматын колдонуу деңгээли түзөт. Ошол эле мезгилде шаарчалардын экономикалык коопсуздук маселеси башка экономикалык индикаторлордун абалына жараша болот, мисалы, акча, каржы, насыя, менчик, эмгек, жумушсуздук, инфляция, киреше, карыз, баа, эмгек өндүрүмдүүлүгү, ж.б.у.с., улуттук экономиканын өнүгүшүнө түздөн-түз таасир берет. Демек, шаарчалардын экономикалык коопсуздугу улуттук коопсуздуктун компоненттеринин бири болуп саналат.

Бирок шаар тургундарынын коопсуздугун ал жайгашкан аймактан, мамлекеттен же дүйнөлүк коомчулуктан бөлөк өзүнчө аймакта камсыз кылуу мүмкүн эмес. Муниципалитеттердин экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун ишенимдүү жана натыйжалуу тутуму айрым аймактардын, бүтүндөй өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугу айгинелейт [4].

Шаар конуштарынын экономикалык коопсуздугу негизинен өлкөбүздүн Өкмөтүнүн жүргүзгөн экономикалык саясатына жана анын тиешелүү багыттарына байланыштуу. Ал багыттардын артыкчылыктары, биринчиден, КР Конституциясына ылайык инсандын укуктарын жана эркиндиктерин кепилдөө; экинчиден, жарандын туруктуу материалдык жана каржылык абалы; үчүнчүдөн, коомдун социалдык-экономикалык жана саясий туруктуулугуна өзгөчө көңүл бурулушу менен тыгыз байланышкан [1,6]. Ошону менен бирге улуттук экономиканы башкаруу жана коопсуз деңгээлде кармап туруу милдеттери да учурдагы өлкөбүздүн экономикалык жактан жигердүү ишмердүүлүк аракеттеринин күн тартибинде эң негизги багыттарынын бири болуш керектигин турмуштун практикасы ачык далилдеп келеп жатат. Экономикалык коопсуздукту камсыз кылууда тутум тиешелүү үч деңгээлдүү түзүмгө таянышы керек. Булар: экономикалык жана каржылык коопсуздуктарды камсыз кылуучу милдеттер; уюштуруучулук жана ченемдик-укуктук механизм; тиешелүү материалдык ресурстар.

Кичи жана орто шаар конуштары негизинен мүнөздөмөсү боюнча татаал социалдык-экономикалык тутум болуу менен бирге тышкы терс таасирлерге туруктуу жана социалдык - экономикалык өсүшкө багыталышы керек. Бул жерде муниципалдык бийликтердин эң башкы максаты катары өнүгүүнү жана калктын жашоо турмушунун деңгээлин, анын сапатын жогорулатууну камсыз кылган башкарууну шаарларда негиздеп, аны калыптандырып, өнүктүрүп өстүрүш керек [5].

Биздин оюбузча, учурда жашоонун сапаты деп төмөнкүлөрдү түшүнсөк болот: калктын саламаттыгын сактоо; жарандардын социалдык жактан аялуу катмарларын ар тараптуу коргоо; жашаган аймагын, территориясынын өндүрүштүк жана социалдык-

экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу; коомдук тартипти сактоо жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу, ж.б.у.с..

Ошондой эле шарчаларда билим берүүгө, маданий эс алуу жана искусствого, турак жай жана коммуналдык чарбага, энергетикага жана транспорттук тейлөөгө, байланышка, соода-тиричилик тейлөөгө, экологиялык кырдаалга жана жаратылышты коргоо аракеттерине жана жумуштарына кеткен аракеттерди жана кеткен чыгымдарды каржылык жактан тыкыр эсепке алуу менен каржылык абалын туруктуу деңгээлге жеткирүү [1,6].

Белгилей турган нерсе, эгерде шаарчалар, калктуу конуштар экономикалык, социалдык, саясий жана улуттук абалынын туруксуздугу менен мүнөздөлсө, ар кандай социалдык топтордун жана коомдун катмарларынын кызыкчылыктары бири-бири менен карама-каршы келсе, ошол учурда, жалпысынан мамлекеттик кызыкчылыктарга коркунуч туудурган реалдуу тобокелдиктер түзүлөрү анык.

Шаардык конуштардын жагымдуу өнүгүшүнүн башкы факторун, сабаттуу жана кесипкөй кызматкерлердин болушу менен байланыштырсак болот, себеби кызмат адамдарынын компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги жана ак ниетсиз, коррупциялык көрүнүштөргө бүтүндөй малынган, каржы-насыялык жүрүм-турум төмөндүгү - экономикалык коопсуздуктун негизги коркунуч факторлору катары карасак да болот, анткени, мындай шарттарда жергиликтүү бюджеттин экономикалык коопсуздугунун көйгөйү өтө актуалдуу жана стратегиялык болуп саналат.

Шаар конуштарынын экономикалык коопсуздугуна тышкы коркунучтарды төмөнкү факторлор негизинен түзөт: экономиканын чарбакер субъекттеринин ортосунда атаандаштыктын күчөшү; туруксуз саясий кырдаал; терроризм; табигый жана техногендик мүнөздөгү тобокелдиктер; калктын ар кандай катмарынын жашоо деңгээлинин диспропорциясы; миграциялык процесстер ж. б. [2].

Ошону менен бирге, кичи жана орто шаарлардын экономикалык коопсуздугунун ички тобокелдиктерин төмөнкүлөр түзөөрү аныкталды:

- улуттук жана аймактык экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү;
- эл чарбасынын технологиялык жана инновациялык жактан артта калуусу;
- айыл чарбасынын өнүгүшүнө илимий далилденген багыттардын таасирлеринин төмөндөшү жана токтоп калышы;
- жаратылыш ресурстарынын азайышы жана түгөнүп баратышы;
- калктын мүлктүк көрсөткүч менен катмарланышы;
- калктын, өзгөчө жаш балдардын, ымыркайлардын, жашы өтүп калган адамдардын ден соолуктарынын начарлап баратышы;
- экологиялык көйгөйлөрдүн чечилбей жаткандыгы;
- эмгек потенциалынын начарлашы, киреше булактарынын төмөндөшү, жумушсуздуктун жогорку деңгээли;
- социалдык инфраструктуранын эскиришинин жогорку пайызы;
- калктын турак жай жана турмуш - тиричилик шарттарынын начардыгы;
- жакырчылыктын деңгээлинде же анын чегинен тышкары жашаган жарандардын үлүшүнүн жогорулашы;
- жашоо сапатынын деңгээлинин төмөндүгү;
- социалдык наразычылыктардын өсүшү;

- илим сыйымдуу жана жогорку технологиялык өндүрүштөрдүн маанилүүлүгүнүн төмөндөшү;
- инвестициялык активдүүлүктүн жана жагымдуулуктун начарлашы, өнөр жай өндүрүшүнө инвестициялардын жетишсиздиги;
- эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү;
- көмүскө экономиканын жогорку үлүшү жана экономикалык кылмыштуулуктун өсүшү;
- укуктук сабаттуулуктун төмөндүгү;
- менчикти басып алуу жана өткөрүп берүү фактылары, ж.б. [2,3,7].

Изилдөөдө кичи жана орто шаарчалардын экономикалык коопсуздугуна таасир этүүчү факторлор терс жана позитивдүү болуп бөлүнөрү бардыгына маалым (2-сүрөт). Биздин оюбузча, ресурстар менен камсыз кылуу үчүн мыйзам деңгээлинде муниципалитеттердин мүлкүнө жергиликтүү бюджетке кошумча салыктык жана салыктык эмес кирешелерди алуу үчүн ишканалар жана коммерциялык объектилер, экономикалык жана өндүрүштүк чарбалардын негизинен көп болуусу жакшы[3], ошону менен бирге алардын укуктук негиздерин бекемдөө зарыл.




2-сүрөт. Кичи жана орто шаарлардын экономикалык коопсуздугун аныктоочу факторлор

Биздин оюбузча, ресурстар менен камсыз кылуу үчүн мыйзам деңгээлинде муниципалитеттердин мүлкүнө жергиликтүү бюджетке кошумча салыктык жана салыктык эмес кирешелерди алуу үчүн ишканалар жана коммерциялык объектилер, экономикалык жана өндүрүштүк чарбалардын негизинен көп болуусу жакшы, ошону менен бирге алардын укуктук негиздерин бекемдөө зарыл.

Ошентип, шаарчалардын экономикалык коопсуздугу түшүнүгү системалуу мүнөзгө ээ жана муниципалитеттердин өнүгүшүн калыптандыруучу жана аныктоочу тышкы жана ички факторлорду камтыйт.

Кичи жана орто шаарчалардын калктуу конуштарынын экономикалык коопсуздугу - бул алардын экономикалык тутумунун пайда болгон кооптуу тышкы жана ички тобокелдиктер менен карама-каршылыктарды мүмкүн болушунча минимумга түшүрүлгөн абалы [9], ал муниципалдык экономиканын натыйжалуу динамикалык өсүшүнө жана анын ошол аймакта жашаган калктын өсүп жаткан муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө өбөлгө түзөт, ошондой эле тышкы рыноктордо муниципалдык түзүлүштүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, туруктуу жана жаңылануга жөндөмдүү өнүгүүсүн камсыз кылат.

Жыйынтыктап келгенде, кичи жана орто шаарчалардын конуштарынын экономикалык коопсуздугу - тышкы чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн жүрүшүн жана натыйжасын чагылдырган жана шаар тургундарынын экономикалык кызыкчылыктарын ишке ашырууга, ички жана тышкы коркунучтарга өз убагында жооп берүүгө багытталган муниципалдык түзүлүштүн экономикалык тутумунун маанилүү сапаттык жана динамикалык мүнөздөмөсү катары изилденип келе жатат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Государственная Концепция развития малых городов и поселков городского типа Кыргызской Республики. // Постановление Правительства КР от 31 декабря 2001 года № 843. https://cbd.minjust.gov.kg/53078/edition/320589/ru
2. Кулуева Ч.Р. Экономико-финансовые проблемы трудовых ресурсов Южного региона Кыргызской Республики. – Автореферат на соискание ученой степени д.э.н. – Б.: 2016 г. – 44 с.
3. Kulueva, C.R., Sayakbaeva, A.A., Toktorov, K.K., Nuralieva, C.A., Ismailova, K.D. (2022). Current Problems of the Effective Use of Resource Potential in the Development of Kyrgyzstan’s Regions: Social and Investment Aspect. In: Popkova, E.G., Sergi, B.S. (eds) Geo-Economy of the Future. Springer, Cham. https://doi.org/10.1007/978-3-030-92303-7_29
4. Криворотов А.В. Экономическая безопасность государства и регионов. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2018. – 351 с.
5. Лыскова Н.А. Экономическая безопасность городского поселения: понятие и сущность // Инновационная наука. – 2018. - №2. – С. 21-23.
6. Программа по разработке генеральных планов населенных пунктов Кыргызской Республики на 2017- 2030 годыhttps://www.gov.kg/wp-content/uploads/2017/05/1.-Programma-na-ofits.yaz..pdf
7. Силина Т.Л. Сущность проблемы обеспечения муниципальной экономической безопасности// Фундаментальные исследования. – 2018. – №9. – С. 1077-1081.
8. Transforming our world: the 2030 Agenda for Sustainable Development, 2015 // Resolution adopted by the General Assembly on 25 September 2015. URL: https://sdgs.un.org/2030agenda (дата обращения: 04.11.2024
9. Ханнанова Т.Р., Гарифуллина Э.Ф. Развитие государственных и муниципальных услуг в цифровой экономике // Экономика и управление: научно практический журнал. – 2018. – №6. – С. 90-93.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№2(5)/2024, 97-103

**УДК: 623.746**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_2(5)_12

# ОБ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ЭФФЕКТИВНОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ БПЛА В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ

## АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА ПИЛОТСУЗ УЧУУЧУ АППАРАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ

## ON THE ECONOMIC EFFICIENCY OF USING UAVS IN AGRICULTURE

**Абдыкадыров Санжар Кубатович**
*Абдыкадыров Санжар Кубатович*
*Abdykadyrov Sanzhar Kubatovich*

**к.э.н., доцент, Ошский государственный университет**
*э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*

---

**Исаева Айнура Эсеналиевна**
*Исаева Айнура Эсеналиевна*
*Isaeva Ainura Esenalievna*

**старший преподаватель, Ошский государственный университет**
*улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети*
*senior lecturer, Osh State University*

# ОБ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ЭФФЕКТИВНОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ БПЛА В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ

**Аннотация**
Данная работа посвящена исследованию экономической эффективности применения беспилотных летательных аппаратов (БПЛА) в сельском хозяйстве. В ней рассматриваются ключевые аспекты использования БПЛА для мониторинга посевов, оптимизации процессов внесения удобрений и пестицидов, а также управления ресурсами. Анализируются примеры успешного внедрения технологий, выявляются преимущества и ограничения данного подхода, а также перспективы его развития в аграрном секторе. Результаты исследования подчеркивают значительный потенциал БПЛА для повышения эффективности сельского хозяйства и улучшения качества продукции.

***Ключевые слова*:** цифровая экономика, БПЛА, аграрный сектор, экономическая эффективность, методы расчета возвратности инвестиций, срок окупаемости, гипотетический пример

## *АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА ПИЛОТСУЗ УЧУУЧУ АППАРАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ*

**Аннотация**
Бул эмгек айыл чарбасында учкучсуз учуучу аппараттарды (УАО) колдонуунун экономикалык эффективдуулугун уйренууге арналган. Ал түшүмдүн мониторинги, жер семирткичтерди жана пестициддерди колдонуу процесстерин оптималдаштыруу жана ресурстарды башкаруу үчүн UAV колдонуунун негизги аспектилерин камтыйт. Технологияларды ийгиликтүү ишке киргизүүнүн мисалдары талдоого алынган, бул ыкманын артыкчылыктары жана чектөөлөрү, ошондой эле аны айыл чарба тармагында өнүктүрүүнүн перспективалары аныкталган. Изилдөөнүн натыйжалары айыл чарба эффективдүүлүгүн жана продукциянын сапатын жогорулатуу үчүн УУАлардын олуттуу потенциалын көрсөтөт.

***Ачкыч сөздөр:*** санариптик экономика, UAV, агрардык сектор, экономикалык эффективдүүлүк, инвестициянын кайтарымдуулугун эсептөө ыкмалары, өзүн актоо мөөнөтү, гипотетикалык мисал

## *ON THE ECONOMIC EFFICIENCY OF USING UAVS IN AGRICULTURE*

**Abstract**
This paper is devoted to the study of the economic efficiency of using unmanned aerial vehicles (UAVs) in agriculture. It considers key aspects of using UAVs for crop monitoring, optimization of fertilizer and pesticide application processes, and resource management. Examples of successful implementation of technologies are analyzed, the advantages and limitations of this approach, as well as the prospects for its development in the agricultural sector are identified. The results of the study highlight the significant potential of UAVs for increasing the efficiency of agriculture and improving product quality.

***Keywords:*** digital economy, UAVs, agricultural sector, economic efficiency, methods of calculating return on investment, payback period, hypothetical example

**Введение**. Беспилотные летательные аппараты (БПЛА) становятся важным инструментом в современном сельском хозяйстве, обеспечивая повышение экономической эффективности и продуктивности. С их помощью осуществляется мониторинг посевов, что позволяет оперативно выявлять проблемы, связанные с состоянием растений, использованием удобрений и пестицидов. Инновационные технологии, внедряемые в аграрный сектор, способствуют более эффективному управлению ресурсами и минимизации затрат [3]. Введение БПЛА в сельское хозяйство открывает новые горизонты для фермеров, позволяя им принимать обоснованные решения на основе анализа данных и улучшая общие результаты производственной деятельности. Таким образом, БПЛА играют ключевую роль в трансформации аграрной отрасли.

История применения беспилотных летательных аппаратов (БПЛА) в сельском хозяйстве началась с их первоначального использования в военных целях. Однако с развитием технологий и уменьшением стоимости БПЛА, они начали находить применение в гражданских сферах, включая сельское хозяйство.

В аграрном секторе используются различные типы беспилотных летательных аппаратов (БПЛА), которые применяются для решения различных задач, таких как мониторинг состояния посевов, внесение удобрений и пестицидов, а также сбор данных для анализа. Вот основные технологии и типы БПЛА, используемые в сельском хозяйстве:

**1. Типы БПЛА**

- *Мультикоптеры*: Это наиболее распространенные дроны для сельского хозяйства. Анализ научной и популярной литературы по вопросам использования БПЛА в сельском хозяйстве показывает, что мультикоптерные дроны нашли широкое применение в агропромышленном комплексе (АПК) [1]. Они обладают высокой маневренностью, могут зависать на месте и легко управляются. Мультикоптеры чаще всего используются для аэрофотосъемки и мониторинга полей.

- *Крылатые дроны*: Эти БПЛА имеют аэродинамическую форму и могут покрывать большие расстояния. Они подходят для создания карт больших земельных участков и осуществления мониторинга на больших высотах.

- *Гибридные дроны*: Сочетают в себе характеристики мультикоптеров и крылатых дронов. Они могут взлетать и садиться вертикально, но при этом способны развивать большую скорость и дальность полета.

**2. Технологии и оборудование**

- *Камеры высокой четкости*: Используются для аэрофотосъемки и создания детализированных изображений полей. Позволяют анализировать состояние растений и выявлять проблемы на ранних стадиях.

- *Мультиспециальные и инфракрасные камеры*: Эти камеры позволяют получать информацию о состоянии растений, измеряя отражение света в различных спектрах. Это помогает в оценке здоровья растений, уровня влаги и наличия заболеваний.

- *Датчики NDVI (Normalized Difference Vegetation Index)*: Используются для оценки вегетационного индекса, что позволяет определить уровень здоровья растений и их потребности в воде и питательных веществах.

- *Системы GPS и ГЛОНАСС*: Обеспечивают точность позиционирования дронов, что особенно важно при проведении агрономических исследований и внесении удобрений.

- *Системы автоматического управления*: Позволяют заранее программировать маршруты полетов и задачи для дронов, что делает их использование более эффективным и снижает необходимость в ручном управлении.

**3. Применения БПЛА в сельском хозяйстве**

- *Мониторинг состояния посевов*: Дроны позволяют быстро и эффективно оценить состояние растений, выявить участки с проблемами (например, болезни, вредители или недостаток влаги) [2].

- *Анализ почвы*: С помощью БПЛА можно собирать данные о состоянии почвы, что помогает в принятии решений о внесении удобрений и других агрономических мероприятиях [1].

- *Применение удобрений и пестицидов*: Некоторые дроны способны не только собирать данные, но и выполнять задачи по внесению удобрений и химикатов, что позволяет значительно сократить время и усилия [2].

- *Оценка урожайности*: Дроны могут использоваться для предсказания урожайности на основе анализа состояния растений и других факторов. С учетом развития технологий и снижения стоимости оборудования, использование БПЛА в сельском хозяйстве продолжает расти, открывая новые возможности для повышения эффективности и устойчивости аграрного производства [1].

Сравнение традиционных методов сельского хозяйства с использованием беспилотных летательных аппаратов (БПЛА) позволяет выявить преимущества и недостатки каждого подхода. Ниже приведены основные аспекты, по которым можно провести это сравнение (таблицы 1-5):

Таблица 1. Мониторинг состояния посевов.

| **Традиционные методы:** | **Использование БПЛА:** |
|---|---|
| - Использование наземных обследований (пешие проверки полей).<br>- Визуальный осмотр состояния растений.<br>- Применение ручных инструментов для анализа (например, анализ почвы). | - Аэрофотосъемка и создание высококачественных изображений полей.<br>- Быстрый сбор данных с больших площадей за короткое время.<br>- Возможность использования многоспектральных и инфракрасных камер для анализа здоровья растений. |
| *Преимущества БПЛА:* Более быстрое и точное получение информации, возможность мониторинга в труднодоступных местах, снижение человеческого труда. | |

*Составлен авторами.*

Таблица 2. Анализ почвы.

| **Традиционные методы:** | **Использование БПЛА:** |
|---|---|
| - Лабораторные тесты образцов почвы, собранных вручную.<br>- Ограниченное количество точек анализа, что может не отражать общую картину. | - Сбор данных о состоянии почвы с помощью сенсоров и камер.<br>- Создание карт распределения питательных веществ и влаги по участкам. |
| *Преимущества БПЛА:* Более детализированное и обширное покрытие, возможность быстрого реагирования на изменения. | |

*Составлен авторами.*

Таблица 3. Внесение удобрений и пестицидов.

| Традиционные методы: | Использование БПЛА: |
|---|---|
| - Ручное или механическое внесение удобрений и пестицидов с земли.<br>- Затраты времени и ресурсов на обработку больших площадей. | - Автоматизированное внесение удобрений и химикатов с воздуха.<br>- Возможность точечного внесения, что снижает расход материалов. |
| *Преимущества БПЛА:* Увеличение эффективности внесения, сокращение времени обработки, уменьшение воздействия на окружающую среду за счет точечного применения. | |

*Составлен авторами.*

Таблица 4. Сбор данных и анализ

| Традиционные методы: | Использование БПЛА: |
|---|---|
| - Сбор данных вручную, что требует больше времени и усилий.<br>- Использование устаревших технологий и методов анализа. | - Автоматизированный сбор данных и интеграция с аналитическими программами.<br>- Возможность создания 3D-карт и моделей полей для более глубокого анализа. |
| *Преимущества БПЛА:* Снижение ошибок при сборе данных, возможность обработки больших объемов информации и применение современных аналитических инструментов. | |

*Составлен авторами.*

Таблица 5. Экономическая эффективность

| Традиционные методы: | Использование БПЛА: |
|---|---|
| - Высокие затраты на рабочую силу и время.<br>- Ограниченные возможности для масштабируемости. | - Первоначальные инвестиции в оборудование могут быть высокими, но долгосрочные затраты на рабочую силу снижаются.<br>- Возможность быстрого масштабирования операций. |
| *Преимущества БПЛА:* Снижение затрат на труд, повышение производительности и более эффективное использование ресурсов. | |

*Составлен авторами.*

*Давайте рассмотрим гипотетический пример оценки возврата инвестиций (ROI) в денежном выражении при использовании дронов в сельском хозяйстве.*

В аналитике существует масса разных формул ROI для бизнеса. Самая простая и эффективная формула следующая[1]:

$$ROI = (Доход - Затраты)/Затраты * 100\ \% \qquad (1)$$

*где ROI (Return on Investment) — это коэффициент окупаемости или же показатель возврата всех инвестиций.*

Предположим, фермер решает инвестировать в дрон (к примеру: квадрокоптер DJI Mavic Air 2[2]) для мониторинга своих полей.

***Исходные данные:***

1. Начальные затраты:

- *Стоимость дрона:* 1120 долларов.

- *Программное обеспечение:* 200 долларов (Agisoft Metashape[3]).

[1] ROI: что это, формула рентабельности инвестиций и как использовать. Режим доступа: https://remarka.agency/journal/roi-chto-eto-formula-rentabelnosti-investitsiy-i-kak-ispolzovat

[2] Интернет-магазин BOBBYSTORE. Подробнее: https://bobbystore.kg/kvadrokopter_dji_mavic_air_3_577_45/

- *Обучение персонала:* 300 долларов.
- *Итого начальные затраты:* 1120 + 200 + 300 = 1620 долларов.

2. Операционные затраты (ежегодно):

- *Обслуживание дрона:* 200 долларов.
- *Заработная плата оператора* (фермер сам работает): 0 (нуль) долларов.
- *Итого операционные затраты:* 200 + 0 = 200 долларов.

3. Экономия и выгоды (ежегодно):

- *Увеличение урожайности:* предположим, что использование дрона позволяет увеличить урожайность на[4] 10%.

Если до внедрения дронов фермер зарабатывал 20,000 долларов от продажи урожая, то с увеличением урожайности: Дополнительный доход = 20,000 / 0.10 = 2000 долларов.

- *Снижение затрат на удобрения и пестициды:* предположим, фермер экономит 500 долларов в год благодаря более точному применению ресурсов.

4. Общий доход от использования дрона:

- *Дополнительный доход + Экономия на удобрениях:* 2000 + 500 = 2500 долларов.

***Расчет ROI.*** Теперь мы можем рассчитать ROI:

- *Общие затраты за первый год:* - Начальные затраты (разовые) + Операционные затраты: 1620 + 200 = 1820 долларов.
- *Прибыль от инвестиций:* - Общий доход - Общие затраты: 2500 - 1820 = 680 долларов (чистая прибыль).
- Расчет ROI: ROI = ((Прибыль от инвестиций - Стоимость инвестиций)/Стоимость инвестиций) *100%.

Подставляем значения: ROI = ((680-1620)/1620)100% = 58,03%.

***Срок окупаемости***

Для определения срока окупаемости:

- *Первоначальные затраты:* 1620 долларов.
- *Чистая прибыль в первый год:* 680 долларов.

Срок окупаемости = 1620/2300 = 0.7 года.

***Вывод.*** В этом примере фермер может ожидать ROI около 41.97% в первый год и срок окупаемости инвестиций в 0.7 года. Эти цифры могут варьироваться в зависимости от конкретных условий, но они дают общее представление о потенциальной выгоде от использования дронов в сельском хозяйстве.

**Заключение.** Сравнение традиционных методов сельского хозяйства и использования беспилотных летательных аппаратов (БПЛА) демонстрирует значительные преимущества последнего подхода. Традиционные методы, хотя и проверены временем, часто требуют значительных затрат на рабочую силу и время, а также могут быть менее эффективными в условиях масштабного производства. Визуальные осмотры и ручные анализы почвы, как правило, ограничивают объем собираемой информации и могут не отражать полную картину состояния посевов.

С другой стороны, БПЛА предлагают инновационные решения для оптимизации агрономических процессов. Использование аэрофотосъемки и специализированных сенсоров позволяет быстро и точно собирать данные о состоянии растений и почвы, что значительно

---

[3] Интернет-магазин Agisoft. Подробнее: https://www.agisoft.com/ru/buy/online-store/

[4] Инновационные дроны на 20% повысят урожайность посевов. Режим доступа: https://наука.рф/news/innovatsionnye-bespilotniki-na-20-povysyat-urozhaynost-posevov/

улучшает мониторинг и управление урожайностью. Данные, полученные с помощью БПЛА, могут быть использованы для создания детализированных карт, что позволяет фермерам принимать обоснованные решения о внесении удобрений и пестицидов. Это не только повышает эффективность, но и снижает негативное воздействие на окружающую среду.

Несмотря на первоначальные инвестиции, связанные с приобретением и обслуживанием БПЛА, долгосрочные выгоды включают снижение затрат на труд и ресурсов, повышение производительности и улучшение качества продукции. Таким образом, внедрение БПЛА в сельское хозяйство представляет собой важный шаг к устойчивому и высокоэффективному агропроизводству, способствующему решению глобальных продовольственных проблем. С учетом всех вышеперечисленных факторов, можно утверждать, что будущее сельского хозяйства будет неразрывно связано с использованием современных технологий, включая беспилотные летательные аппараты.

**Список литературы**


1. Салаев Б.К., Серёгин А.А., Эвиев В.А., Мучаев А.Б., Глечикова Н.А., Юдаев И.В. Анализ применения беспилотных летательных аппаратов в сельском хозяйстве // Вестник аграрной науки Дона. 2022. Т. 15. № 4 (60). С. 29–44.
2. Зубарев, Ю. Н. Использование беспилотных летательных аппаратов в сельском хозяйстве / Ю. Н. Зубарев, Д. С. Фомин, А. Н. Чащин, М. В. Заболотнова. – Текст: непосредственный // Вестник Пермского федерального исследовательского центра. – 2019. – № 2. – С. 47-51. Режим доступа: https://journal.permsc.ru/index.php/pscj/article/view/PSCJ2019n2p5
3. Abdykadyrov,S. K., Ermekbaeva, A. T., & Paiysbekova, K. T. (2024). Use of drones in the agricultural sector of the Kyrgyz Republic: experience of some countries. ISJ Theoretical & Applied Science, 04 (132), 154-158.
4. Интернет-ресурс. ROI: что это, формула рентабельности инвестиций и как использовать. Режим доступа: https://remarka.agency/journal/roi-chto-eto-formula-rentabelnosti-investitsiy-i-kak-ispolzovat;
5. Интернет-магазин BOBBYSTORE. Подробнее: https://bobbystore.kg/kvadrokopter_dji_mavic_air_3_577_45/
6. Интернет-магазин Agisoft. Подробнее: https://www.agisoft.com/ru/buy/online-store/
7. Инновационные дроны на 20% повысят урожайность посевов. Режим доступа: https://наука.рф/news/innovatsionnye-bespilotniki-na-20-povysyat-urozhaynost-posevov/

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№2(5)/2024, 104-110

**УДК: 342.22**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_2(5)_13

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМАЛАРЫН САНАРИПТЕШТИРҮҮНҮ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

О ПРОБЛЕМАХ ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ЦИФРОВИЗАЦИИ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИХ СИСТЕМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ON THE PROBLEMS OF LEGAL REGULATION OF DIGITALIZATION OF SOCIAL AND ECONOMIC SYSTEMS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Абдыкадыров Санжар Кубатович**
*Абдыкадыров Санжар Кубатович*
*Abdykadyrov Sanzhar Kubatovich*

**э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*

---

**Токтомамбетова Кыял Кубанычбековна**
*Токтомамбетова Кыял Кубанычбековна*
*Toktomambetova Kyyal Kubanychbekovna*

**ю.и.к., улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*к.ю.н., старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМАЛАРЫН САНАРИПТЕШТИРҮҮНҮ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

**Аннотация**

Акыркы жылдары Кыргызстанда санариптик технологиялар улуттук экономиканын бардык тармактарына, анын ичинде өлкөнүн айыл чарбасына активдүү киргизилип жатат, бул айыл чарба секторунун өндүрүмдүүлүгүн жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок бул процесс мыйзамдарды комплекстүү талдоону жана адаптациялоону талап кылган олуттуу укуктук көйгөйлөрдү да алып келет. Бул иш Кыргызстандын айыл чарбасын санариптештирүү менен байланышкан укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрүн изилдөөгө багытталган. Талдоолордун жүрүшүндө тыкыр көңүл бурууну талап кылган негизги аспектилер аныкталды: жеке маалыматтарды коргоо, системалардагы каталар жана мүчүлүштүктөр үчүн жоопкерчилик, интеллектуалдык менчик маселелери, ошондой эле санариптик технологияларды колдонуу менен алынган продукциянын сапат стандарттарын сактоо. Жаңы нормаларды жана эрежелерди иштеп чыгуу айыл чарба рыногунун катышуучуларынын укуктарын коргоону, тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну жана тез өзгөрүп жаткан технологиялык ландшафтта анын туруктуулугун камсыздоону бекемдөөгө аракет жасай алат.

***Ачкыч сөздөр*:** санариптик экономика, санариптик кодекс, укуктук жөнгө салуу, санариптик укук, санариптик ресурс, санариптик коом, Кыргыз Республикасы

## *О ПРОБЛЕМАХ ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ЦИФРОВИЗАЦИИ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИХ СИСТЕМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

В последние годы в Кыргызстане цифровые технологии активно внедряются во все отрасли национальной экономики, в том числе в сельское хозяйство страны, что открывает новые возможности для повышения производительности и устойчивости аграрного сектора. Но этот процесс также порождает серьезные правовые проблемы, которые требуют всестороннего анализа и адаптации законов. Данная работа направлена на изучение проблем правового регулирования, связанных с цифровизацией сельского хозяйства Кыргызстана. В ходе анализа были выявлены основные аспекты, требующие пристального внимания: защита персональных данных, ответственность за ошибки и сбои в системах, вопросы интеллектуальной собственности, а также соответствие стандартам качества продукции, полученной с использованием цифровых технологий. Разработка новых норм и правил может попытаться усилить защиту прав участников сельскохозяйственного рынка, повысить конкурентоспособность сектора и обеспечить его устойчивость в быстро меняющемся технологическом ландшафте.

***Ключевые слова:*** цифровая экономика, цифровой кодекс, правовое регулирование, цифровое право, цифровой ресурс, цифровое общество, Кыргызская, Республика

## *ON THE PROBLEMS OF LEGAL REGULATION OF DIGITALIZATION OF SOCIAL AND ECONOMIC SYSTEMS OF THE KYRGYZ REPUBLIC*

**Abstract**

In recent years, digital technologies have been actively introduced into all sectors of the national economy in Kyrgyzstan, including the country's agriculture, which opens up new opportunities to improve the productivity and sustainability of the agricultural sector. But this process also gives rise to serious legal problems that require a comprehensive analysis and adaptation of laws. This work is aimed at studying the problems of legal regulation associated with the digitalization of agriculture in Kyrgyzstan. The analysis identified key aspects that require close attention: protection of personal data, liability for errors and failures in systems, intellectual property issues, and compliance with quality standards for products obtained using digital technologies. The development of new norms and rules can try to strengthen the protection of the rights of agricultural market participants, increase the competitiveness of the sector and ensure its sustainability in a rapidly changing technological landscape.

***Keywords:*** digital economy, digital code, legal regulation, digital law, digital resource, digital society, Kyrgyz Republic

**Киришүү**. Санариптик технологиялардын таралуусу адамдардын жашоосунда маанилүү өзгөрүүлөргө алып келе турган экономикалык жана социалдык прогресстин багыттарын курамалайт. Келечекте жаңы технологияларды эффективдүү колдонуу, санариптештирүү үчүн зарыл инфраструктураны жана укуктук чөйрөнү түзүү ар кайсы өлкөнүн глобалдык экономикадагы позицияларын аныктайт.

Санариптик экономика электрондук инфраструктураны, электрондук технологияларды жана кызматтарды, болжолдоо технологияларын талдоого негизделген социалдык мамилелердин жыйындысы катары каралат, ал өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинде ири көлөмдүү берилиштерди алмашууну, бөлүштүрүүнү, өндүрүүнү жана көбөйтүүнү оптималдаштырууга багытталган [5; 9].

Учурдагы санариптик экономиканын өнүгүү этабында ЕАЭБдин көптөгөгөн өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда, экономикалык ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүнө санариптик технологияларды активдүү киргизүү байкалып келет. Бирок, аталган жараяндарга тиешелүү укуктук база жана жөнгө салуу механизмдери толук кандуу иштелип чыга элек, натыйжада санариптик экономиканы өнүктүрүү жана анын оң аспектилерин ишке ашыруу аракеттерин кыйындатууда. Көпчүлүк өлкөлөрдө экономиканы жана коомду санариптештирүү боюнча улуттук стратегиялар жана программалар бар. Бул өлкөлөрдүн максаттары жана милдеттери жалпысынан алганда дээрлик окшош, а бирок алардын ишке ашыруу ыкмалары ар башка болушу талашсыз. Кээ бир демилгелер трансулуттук инновациялык саясаттын курамына кирет, мисалы, Европа Биримдигинин (ЕБ) Санариптик Стратегиясы – бул ЕБге мүчө мамлекеттердин экономикаларын жана коомдорун санариптик трансформациялоого багытталган комплекстүү план. Анда бизнести санариптештирүү, санариптик кызматтарды өнүктүрүү, маалыматтарды коргоо, киберкоопсуздук жана жарандар үчүн санариптик технологиялардын жеткиликтүүлүгү сыяктуу маселелердин кеңири чөйрөсү камтылган[7].

Кыргызстанда санариптештирүү процессин жөнгө салууга багытталган бир нече документтер иштелип чыккан. Бул документтер мыйзамдардан, ар кандай тармактарга тиешелүү, атайын түзүлгөн стратегияларга жана өлкөнү этап-этабы менен санариптик трансформациялоонун концепцияларына чейин айырмаланат. Санариптик укук мамилелерин жөнгө салуу боюнча эң ыңгайлуу жана натыйжалуу ыкманы табуу аракетинде жүргөн Кыргызстан учурдагы мыйзамдарды кодификациялоо [8] жолун тандап алды. Демек жаңы тармактык укуктук-ченемдик актылар киргизилет. Анткени, укуктук жөнгө салуунун негизги максаты - санариптик мейкиндикте адамдын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, санариптик экономиканы өнүктүрүү жана өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү болуп саналат. Мына ушул максаттарга жетишүү үчүн Санариптик Кодексти [4], иштеп чыгуу чечими 2019-жылы кабыл алынган, ал бардык санариптик ченемдерди бириктирген жана ошондой эле, мамлекеттик органдар үчүн да, бизнес үчүн да, жарандар үчүн да укук колдонуунун ыңгайлуулугун, практикалуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кыла алчуу бүтүндөй бир укуктук-ченемдик акт катары сунушталган.

*Эми Кыргыз Республикасынын Санариптик Кодекси деген эмне экендигине жооп издеп көрөлү.* Адегенде, бул кодекс Кыргызстандагы санариптик укук мамилелерине тиешелүү жана учурда аракет жүргүзүп келген мыйзамдарды о.э. ченемдик актыларды эле алмаштырып коюу далалаты катары кабыл албоо абзел. Бул документ аракеттеги укуктук ченемдерди биздин укук системабыз үчүн инновация катары эсептелген жаңы эрежелер

менен шайкеш келтирүүгө багытталган. Мындай синергетикалык мамиле технологияларды мурдагы административдик ыкмалар жана ченемдер менен жөнгө салуу мүмкүн эместиги, башкача айтканда, алардын иштебей калуусу менен шартталган деп саноого болот. Эгерде санарип министри Н.А. Кутнаева тарабынан берилген негиздеме-маалымкатка [6] таяна турган болсок, Курамдык жактан алганда, Санариптик Кодексинин долбоору *Жалпы* жана *Өзгөчө* бөлүктөрдөн турат. Кодекстин ***жалпы*** бөлүгү жогорку деңгээлдеги жалпылык, туруктуулук менен мүнөздөлгөн жана өзгөчө бөлүктүн ченемдерин колдонуунун укуктук негизин түзгөн баштапкы ченемдик жоболорду камтыйт.

***Атайын*** бөлүк санариптик маалыматтардын ар кандай түрлөрүн, санариптик кызматтарды, ишенимдүү кызматтарды, санариптик технологиялык системаларды, анын ичинде телекоммуникациялык тармактарды жана жасалма интеллект системаларын жөнгө салууга арналган бөлүмдөрдү камтуу аркылуу жалпысынан 199 беренеге ээ.

Санариптик кодекстин долбоору Кыргыз Республикасынын аракеттеги төмөнкү 5 (беш) мыйзамынын кодификациясы болуп саналат.

Алар: 2017-жылдагы “Электрондук башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы, 2017-жылдагы “Электрондук кол тамга жөнүндө” КР Мыйзамы, 2014-жылдагы “Жарандарды биометрикалык каттоо жөнүндө” Мыйзамы, 2017-жылдагы “Электрондук башкаруу жөнүндө” Мыйзамы, 2014-жылдагы “Жарандарды биометрикалык каттоо жөнүндө” мыйзам сыяктуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы беш мыйзамынын кодификациясын билдирет. 2008-жылдагы “Жеке маалымат жөнүндө” мыйзам, ошондой эле 1998-жылдагы “Электр жана почта байланышы жөнүндө” мыйзам.

Аталган Кодекстин киргизилүүсүнүн натыйжасында *санариптик укуктун объектилери* же *санариптик укуктук мамилелердин объектилери* түшүнүктөрүнүн пайда болуусу Кыргызстандын укук системасы үчүн инновация катары саналат (1-сүрөттөлүш).




1-сүрөттөлүш. Санариптик укуктук мамилелердин объектилери. *Булагы: Эл аралык консорциумдун Санариптик Кодекстин долбоорунун тааныштырмасынан (презентациясы) алынды.*

Сүрөттөлүштө көрүнүп тургандай, Кодекстин долбоору төмөнкүдөй объектилерди камтыйт:

- берилиштер же санариптик жазымдар (записи) жана санариптик ресурстар;

- санариптик чөйрөнү тейлөө системасы — санариптик кызматтар жана тежно же эко системалар;

- берилиштерди иштетүүчү түзүлүштөр, анын ичинде берилиштерди иштетүү борборлору жана телекоммуникациялык торчолор;

- инфраструктура, мында жер тилкелери, имараттар, курулмалар кошо эсептелет.

Санариптик укук мамилелеринин катышуучуларынын арасында, мурда белгиленген объекттерге карата укуктук ыйгарым укуктарга жана санариптик мейкиндикте аткарыла турган функцияларга жараша, Санариптик Кодекс айрым катышуучуларды бөлүп көрсөтөт. Мында, колдонуучу жана маалыматтардын принципалына өзгөчө көңүл буруу керек.

***Колдонуучу*** - бул санариптик жазымдарга (запись), ресурстарга же кызматтарга кирүү мүмкүнчүлүгүн сураган же алган адам. Маани-маңызынан алганда, санариптештирүүнүн артыкчылыктарын пайдаланган ар бир адам колдонуучу болуп саналат. Ошол эле учурда, берилиштердин принципалы тууралуу да ушундай эле мааниде айтууга болот. Анткени, бизге тиешелүү маалыматтар чогултулганда, сакталганда же иштетилгенде ар бирибиз принципалга айланабыз. Жарандарга карата мамлекеттик органдар тарабынан жеке маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу буга жаркын мисал боло алат.

Санариптик чөйрөнүн дагы бир маанилүү катышуучусу - ***иштетүүчү*** (обработчик). Ал - келишим же укуктук акт боюнча маалыматтарды жыйноо, жазуу, уюштуруу, сактоо, адаптациялоо боюнча иш жүргүзгөн адам.

Мында *иштетүүчү* келишимдин же мыйзамдык актынын негизинде санариптик маалыматтарды чогулткан, эсепке алган, уюштурган, сактаган, өзгөрткөн, жүктөгөн, карап чыккан, колдонгон, тараткан, алмаштырган, бириктирген, азайткан, өчүргөн же жок кылган адам экендигин түшүнүү керек. Ал буюртмачынын табыштамаларын аткаруучу функцияны аркалайт.

Санариптик кодекстин инновациялары жөнүндө сөз кылып жатып, адам укуктарынын жаңы категориясы катары *санариптик укуктар* түшүнүгүн белгилей кетүү керек. Бул тема көптөгөн изилдөөлөрдүн жана макалалардын предмети болуп келет: кээ бир авторлор санариптик укуктарды жаңы форматтагы салттуу табигый укук катары карашса, башкалары адам укуктарынын мурда белгисиз болгон таптакыр жаңы категориясы катары көрсөтүшөт. Бирок, бул изилдөөнүн алкагында биз санариптик укуктардын мазмунуна жана келип чыгуу аспектилерине тереңдеп кирбестен, Кыргызстандын мыйзам чыгаруучулары тарабынан *санарип* деп аныкталган укуктарга гана токтолобуз.

Демек, Санарип кодексинин долбооруна ылайык, адамдын санариптик укуктары санариптик укуктук мамилелердин катышуучулары тарабынан санариптик чөйрөдө жүзөгө ашырылуучу төмөнкүдөй укуктарды камтыйт:

- санариптик маалыматтарга жетүү укугу;
- санариптик маалыматтарды түзүү, жайылтуу жана колдонуу, аларды ар кандай мыйзамдуу жол менен иштетүү укугу;
- санариптик мейкиндикте түзүлгөн же башка жол менен алынган объекттерге карата санариптик укуктарга ээ болуу укугу;
- санариптик жамааттарды түзүү жана алардын эрежелерин белгилөөгө катышуу укугу;
- өзүнүн инсандыгын аныктоо укугу (анын ичинде аты-жөнүн, наамын жана башка идентификаторлорун көрсөтүү менен);
- каалаган санариптик жамааттын курамынан, ошол жамааттагы өздүгүнө тиешелүү бардык маалыматтарды жок кылуу мүмкүнчүлүгү менен чыгып кетүү укугу.

Көрсөтүлгөн укуктарды санариптик деп классификациялоого мүмкүндүк берген негизги өзгөчөлүк бар, – ал укуктарды санариптик мейкиндикте гана ишке ашырууга болот. Кодексте көрсөтүлгөн санариптик укуктардын тизмеси али алдыда толуктоолорду талап кылаары бышык. Анткени, биздин оюбузча, санариптештирүүнүн тез өнүгүшү жана

санариптик укуктун жаңыдан калыптанышы кабыл алуунун алдында турган документте келечекте толуктала турган же өзгөртүлө турган айрым «боштуктардын» же «коңулдардын» болушу да туура болгондугу жакшы пикирди калтырат.

Бул жагдайлар аталып кеткен санариптик укуктарга гана эле эмес, Кодекстин башка жоболоруна да тиешелүү көрүнүш болуп саналат. Балким, документ кабыл алынганга чейин деле санариптик укуктук мамилелердин катышуучуларынын же объекттеринин тизмеси да жаңы элементтер менен кеңейтилип кетүү мүмкүнчүлүгү да жок эмес. Албетте мындай божомолдор бүткүл дүйнөдө жүрүп жаткан санариптештирүү жараянынын бат жана активдүү өнүгүп аткандыгына байланыштуу болууда.

Андыктан, жогоруда келтирилген маалыматтардын бардыгы тең, б.а. санариптик чөйрөдө ишке ашырылуучу коомдук мамилелерди жөнгө сала турган, өлкөдө колдонулуп жаткан ченемдик укуктук актыларды бири-бири менен шайкеш келтирүү максатында Санариптик кодексти иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл экендигин далилдеп турат. “Санариптик” деп аталган түшүнүктөрдү, терминдерди жана аныктамаларды концептуалдык жактан стандарттуу абалга келтирүүчү аппараттын болуусу да да бөтөнчө орунду ээлейт. Ошол эле учурда бул иш-аракеттердин баары, биринчи кезекте, санариптик чөйрөдө да, жалпы таанылган салттуу укуктар менен эркиндиктер чөйрөсүндө да адамдын укуктарын жана кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоо максаттарын гана көздөшү маанилүү экендиги айтпаса да түшүнүктүүдүр.

**Корутунду:** Санариптик кодекстин иштелип чыгышы жана кабыл алынышы Кыргызстандагы санариптик укуктук мамилелерди укуктук жөнгө салуу тармагындагы олуттуу кадам болуп саналат. Санариптик мейкиндикте иштеген катышуучулардын, объектилердин жана укуктардын так тизмесин түзүү маселеси колдонуучулар жана маалымат жетекчилери үчүн курамдаштырылган жана коопсуз чөйрөнү түзө алат. Санариптик укуктар адам укуктарынын жаңы категориясы катары тез технологиялык өнүгүү шартында жеке кызыкчылыктарды коргоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул санариптештирүүнүн заманбап чакырыктарына жооп берип гана тим болбостон, санариптик ресурстарга жетүүдө адилеттүүлүктү жана теңчиликти камсыз кылуу үчүн укуктук негиз түзөт. Белгилей кетчү нерсе, Санариптик кодекс акыркы чечим эмес, тескерисинче, санариптик чөйрөнүн бат өзгөрүп жаткан шарттарына мыйзамдарды андан ары өнүктүрүү жана адаптациялоо үчүн негиз болуп берет. Кодексти кабыл алуу аны колдонуу практикасына туруктуу мониторинг жана талдоолорду жүргүзүп туруу менен коштолууга тийиш, бул зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду өз убагында киргизүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, Санариптик кодексти ишке ашыруу санариптик дүйнөдө коомдук мамилелерди шайкеш келтирүүгө көмөктөшүүчү жана жаңы реалдуулукта жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылган эффективдүү укуктук системаны түзүүгө карай маанилүү кадам болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Алексеев И.В. Цифровая экономика: особенности и тенденции развития электронного взаимодействия [Текст] / И.В. Алексеев // Актуальные направления научных исследований: от теории к практике: материалы X Междунар. науч.–практ. конф. (Чебоксары, 18 дек. 2016 г.). В 2 т. Т. 2 / редкол.: О. Н. Широков [и др.]. — Чебоксары: ЦНС «Интерактив плюс», 2016. — № 4 (10).
2. Bondar N.S., Amelin R.V., Artemova D.I., Velieva D.S. et al. Ekonomicheskoe pravo: uchebnik = Economic law: textbook. Moscow: Prospekt, 2021:352. (In Russ.). doi: 10.31085/9785392336791-2021-352;
3. Burova A.Yu. Digital ecosystems: Need and content of legislative regulation. Zhurnal rossiyskogo prava = Journal of Russian Law. 2024;28(1):143–155. (In Russ.). doi: 10.61205/jrp.2024.1.7;

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик Кодексинин долбоору. КР Сараптик өнүгүү Министрлигинин сайты. https://code.digital.gov.kg/ru/bills/6/
5. О сущности понятия цифровой трансформации в развитии социально-экономических систем. Абдыкадыров С.К., Эрмекбаева А.Т., Илимбеков М.И. Вестник Ошского государственного университета. Экономика. 2024. № 1 (4). С. 73-80. Кирүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=67355202
6. Справка-обоснование к проекту Цифрового кодекса Кыргызской Республики Министерства цифрового развития КР. Режим доступа: https://kenesh.kg/sed/docs/accompdoc/144034
7. Цифровая стратегия ЕС. Режим доступа: https://eufordigital.eu/ru/discover-eu/eu-digital-strategy/
8. Википедия материалдарын караңыз. Кирүү режими: https://ru.wikipedia.org/wiki/Кодификация
9. Имаралиев, О. Р. Санариптик экономика шарттарында ишкананын каржы ресурстарын башкаруу / О. Р. Имаралиев, А. А. Бексултанов // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 4. – P. 107-116. – DOI 10.52754/16948610_2023_4_12. – EDN LDVYRE.